Педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынган

Протокол № 1

« 1 » 09 2019-ж.

«Бекитемин»

Мектеп директору: Боркеев Э.Т.

« 1 » 09 2019-ж.

# К.Шакиров атындагы орто мектебинин математикалык-эстетикалык усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы

| № | Иштеле турган иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1. | Математика, физика жана информатика,география,биология,химия УБ мугалимдерин райондук усулдук бирикменин иштерине катыштыруу | Август | УБ жетекчиси<br>УБ мүчөлөрү |
| 2. | Окуучуларды ЖРТ, олимпиадаларга даярдоо боюнча иш пландарды иштеп чыгуу | Август | УБ мүчөлөрү |
| 3. | 2019-2020-окуу жылы үчүн математика, физика, география,биология,химия жана информатика сабактары боюнча ачык сабактарды өтүүнүн планын бекиттирүү | Сентябрь | УБ жетекчиси<br>УБ мүчөлөрү |
| 4. | План боюнча коюлган ар бир ачык сабактардын өз убагында өтүлүшүнө контролдук кылуу жана өтүү | Өз убагында | УБ жетекчиси<br>УБ мүчөлөрү |
| 5. | Класстан тышкаркы иштердин аткарылышына көзөмөл болуу, коомдук иштерге мугалимдер толук катышып туруу | Дайыма | УБ мүчөлөрү |
| 6. | Жолдоштук сабактарга катышып туруу | Дайыма | УБ мүчөлөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7. | Жаш мугалимдерге методикалык жардамдарды уюштуруу | Дайыма | УБ жетекчиси<br>УБ мүчөлөрү |
| 8. | Математика, физика, география,биология,химия жана информатикага тиешелүү дубал газетанын чыгышын уюштуруу | Чейрек сайын | УБ мүчөлөрү |
| 9. | Окуу куралдардын тазалыгын, сакталышын дайыма көзөмөлдөө жана текшерип туруу | Дайыма | УБ мүчөлөрү |
| 10. | Тесттик борбор түзүү жана аны ишке ашыруунун үстүндө иштөөнү уюштуруу | Дайыма | УБ мүчөлөрү |
| 11 | Математика, физика жана информатика мугалимдерине тийиштүү кабинеттерди түзүү жана алардын тазалыгын көзөмөлгө алып, кемчиликтерин толуктап туруу. | Дайыма | УБ мүчөлөрү |
| 12 | Билимди жогорулатуу үчүн курстарга жиберүүнү уюштуруу | Жыл бою | УБ мүчөлөрү |
| 13 | Секциянын декадасын уюштуруу | Учурунда | Окуу бөлүм башчысы<br>УБ мүчөлөрү |

## Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин математикалык-эстетикалык

## усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата

## Талдоо

Билим берүүнүн милдеттери:

1. Окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө ылайык педагогикалык жактан жатыккан адамзатты илимий жана практикалык жетишкендиктеринин негизги өзөгүн өздөштүрүү.
2. Методикалык иштер, семинарлар, квалификацияны жогорулатуучу курстары, тажрыйба алмашуу өзүн-өзү тарбиялоо аркылуу мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу.
3. Окутуунун сапатын жогорулатуу.
4. Сабакта жана класстан тышкаркы иштерди окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн активдештирүү максатында заманбап педагогиканы, технологияларды колдонуу
5. Таланттуу балдар менен иштөө форматын өздөштүрүү

Багыттар:

1. Мугалимдердин изилдөө жана көйгөйлүү окутуу методдорун колдонуу
2. Натыйжалуу тестирлөө, анализдөө жана даярдоо ыкмаларын иштеп чыгуу
3. Окуучулардын жазуу жана оозеки сүйлөө сабаттуулугун жогорулатуу, сөз багытын кеңейтүү
4. Руханий, адеп-ахлактык жана жарандык мекенчилдикти ар тараптан өздөштүрүүгө көмөктөшүү
5. Сабактан жана класстан тышкары иштердин ар кандай түрлөрүнө катышуу, конкурстарды,предметик жумуштарды,кечелерди өткөрүү аркылуу гуманитардык циклдик предметтеринин окууга мотивациясын талдоо .
6. Ачык сабактарга барууну талдоо.
7. Мугалимдердин ишмердүүлүгүн изилдөө, методикалык жардам көрсөтүү.
8. Педагогикалык ишмердүүлүктүн өркүндөтүүгө

Күтүлүүчү натыйжалар

1) Билим сапатын жолгорулатуу
2) Окуучулардын биология сабагына кызыгуусун жогорулатуу

3) Мамлекеттик стандартка ылайык сабактарды окуутуну өздөштүрүү

Максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууну формалары

-методикалык семинарлар

-усулдук жумалыктар

-өз ара сабактарга катышуу

-мастер класстар

-тегерек столдор

-ачык сабактарга жана класстан тышкаркы иш чаралар.

## Математикалык-эстетикалык усулдук бирикмесинин мугалимдеринин курамы

1. Дыйканбаев К.Ж.- тарых
2. Турарова Р.-алгебра, геометрия
3. Тойтуева З.Ж.- химия, биология
4. Жолдошева Ф.М.- география
5. Кенжалиева М.З.- информатика
6. Жумашова М.С.-математика
7. Абдылдаева Р.С.-физика

Камчибек Шакиров атындагы орто мектебинин математикалык-эстетикалык усулдук бирикмесинин мүчөлөрү 2019-2020-окуу жылы үчүн жылдык жана айлык иш чараларын түзүшкөн. Планда көрсөтүлгөн иштер өз убагында аткарылган. Ар бир айда берилген, каралган масалелерди талкуулашат.

**Август.** Математика, физика, информатика, химия, биология, тарых жана география мугалимдерин райондук усулдук бирикменин иштерине катышып, жаңы методдор менен таанышып келишти. Окуучуларды ЖРТ, олимпиадаларга даярдоо боюнча иш пландарды иштеп чыгуу жүргүзүлдү.

**Сентябрь.** 2019-2020-жылы үчүн математика, физика, география, биология, химия жана информатика сабактары боюнча ачык сабактарды өтүүнүн планы бекитилип усулдук бирикменин мугалимдерине жеткирилди.

**Октябрь.** Карылар күнүнө карата улуу муундагы мугалимдерди 11-класстын окуучулары концерт уюштуруп, ырдап,бийлеп берип куттукташты. Жаңы мугалимдер өз

ара сабакка катышып жаңы методдорду колдонуп, изденүүлөрү артат. Мугалимдердин күнүнө карата мектептин парламенти тараптан дублерлор сабак беришти.

**Ноябрь.** Мектепте предметтик олимпиадалар өткөрүлдү. Ошондой эле тарых жана география сабактарына кызыккан 5-11-класстардын окуучулары активдүү катышты. 8-11-класстар арасында Күз майрамына карата конкурс болуп өттү.

**Декабрь.** 1-декабрда "СПИД-деген эмне"деген темада башталгыч класстарда тарбиялык сабактар өтүлдү. Ал эми чоң класстар "Биз спидке каршыбыз" деген сыяктуу дубал газеталарды даярдап илишти. Райондук олимпиададан 11-класстын окуучусу Багышанов Арген математика сабагынан 4-орунга ээ болду.

**Январь.** Жылдын башында педагогикалык кеңешме болуп өттү, окуучулардын билим сапаты каралды, усулдук бирикмелер тараптан бир жарым жылдыктын жыйынтык талдоолору каралды. Жолдошева Фатима география мугалими 6а,6б-класстарга "Акыл ордо" таймашын уюштурду. Сабак абдан кызыктуу болду.

**Февраль.** Мектептин физика мугалими Абдылдаева Райкүл 8-класска физика "Электр тогу" темада ачык сабак берди. Окуучулар жашоого керектүү нерселерди эстерине сактап калышты, турмушта колдоно алышат деп ишенүүгө болот.

23-февраль "Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат " деген темада 9-11-класстар арасында конкурс болуп өттү.

**Март.** Апалардын майрамына карата 8-11-класстарга конкурсболду.

Нооруз майрамына карата кыргыздын улуттук тамак-ашына ярмарка болуп өттү.

**Апрель.** Дүйнө жүзүндө болуп жаткан оору бизди да каптап, мектептер онлайн түрүндө сабак окууга өттү. Окуучулар үйлөрүнөн чыкпастан телефон, ноутбук аркылуу аралыктан окуп баштaшты.

Көчүрүү жана мамлекеттик экзамендин материалдарын иштеп чыгарылды жана бекитилди.

**Май.** 9-май "Улуу Ата Мекендин согуш күнүнө-75 жылга" карата сүрөт, кол өнөрчүлүк, слайд, Мекен жөнүндө көркөм ырлар, монологдорду мугалимдер жана окуучулар тараптан даярдалды. Акыркы коңгуроо аралыктан болду.

**Июнь** айында мугалимдердин баары онлайн түрүндө өз билимдерин жогорулатуу боюнча курстан өтүштү. Азыркы кырдаалга байланыштуу керектүү бардык эрежелерди сактап окуучуларга күбөлүк жана аттестаттары тапшырылды.

Мугалимдерге сунуш:

2020-2021-окуу жылына карата коюлуучу милдеттер:

1. Заманбап билим берүү технологияларын өздөштүрүү жана мугалимдердин кесиптик компетенциясын өнүктүрүү;
2. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу;
3. Олимпиадага даярдоодо жылдын башынан окуучулар менен иш алып баруу.
4. Сабакты жаңы технологияларды колдонуу менен өтүү.
5. Өз тажрыйбасын туура колдоно билүү
6. Таланттуу окуучулар менен иш алып баруу .
7. Окууда жетишпеген окуучулар менен иштөө .
8. Бааларды нормага ылайык коюу.
9. Математика сабагы боюнча окуучуларды ЖРТке даярдоо
10. Таланттуу жана аяр мамилеге муктаж окуучулар менен кошумча сабак өтүү .
11. Окуучулардын кызыгуусун жана активдүүлүгүн жогорулатуу максатында сабакта ар кандай интерактивдүү ыкмаларды көбүрөөк колдонуу.

УБ жетекчиси: Тойтуева З.Ж.